ӨКҮЛ АТА, ӨКҮЛ АПА Сөзү: Мөөркан Мамыркулованыкы Обону: Адылбек Кыязовдуку

Эки жаштын үлпөт тою уланып,
Той ээлери биз турабыз кубанып.
Биз шайлаган өкүл ата сиз болуп,
Кубанычтуу ыр дестени сунабыз.
Кайырма: Тойдун көркү өкүл ата, апалар,
Турмуш жолу мына эми башталар.
Эки жаштын орток болуп сыйына,
Кабыл болсун бүгүн берген батаңар.
Бар болгула, бар болгула,
Өкүл ата, өкүл апалар!
Ата-бала сый-урматта жүргүлө,
Бекем болсун ушул курган үй-бүлө.
Жөлөп таяр тоосу болуп дайыма,
Кана эмесе, тойдун шаңы ойногула, күлгүлө.
Кайырма: Тойдун көркү өкүл ата, апалар,
Турмуш жолу мына эми башталар.
Эки жаштын орток болуп сыйына,
Кабыл болсун бүгүн берген батаңар.
Бар болгула, бар болгула, Өкүл ата, өкүл апалар!
Наристелер ак бешикке бөлөнүп,
Кубанычтар күндөн-күнгө көбөйүп.
Кут чачылсын апакемдин үйүнө,
Неберенин чеберенин күлкүсүнө бөлөнүп.
Кайырма: Тойдун көркү өкүл ата, апалар,
Турмуш жолу мына эми башталар.
Эки жаштын орток болуп сыйына,
Кабыл болсун бүгүн берген батаңар.
Бар болгула, бар болгула, Өкүл ата, өкүл апалар,
Бар болгула өкүл ата, өкүл апалар!